**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын VIII-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №11/4**

2024-жылдын 12-июну — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы кабыл алынган бюджетинин кээ бир беренелери боюнча бөлүнгөн акча каражатын башка беренелерге жылдыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы кабыл алынган бюджетинин беренелерге бөлүнгөн каражаттарынын ичинен, төмөндөгүдөй башка беренелерге жылдырылсын:

   1) АУПтун 2215 беренеси боюнча "Базар-Турук" БДРнин документациясын жазатуу үчүн бөлүнгөн 600,0 миң сом акча каражатынын ичинен 230,0 миң сом акча каражаты "Абдыкерим" БСР тазалоо боюнча долбоор Жумгал райондук өнүктүрүү фондуна өткөндүктөн, долбоордун өздүк салымы үчүн 2215 беренесине жылдырылсын;
   2) АУПтун 2215 беренеси боюнча бала бакчанын сметасына жана кагаз иштерин бүткөрүүгө бөлүнгөн 250047 сом акча каражаты, Куйручук айылындагы "Алтын ай" 3 сааттык бала бакчасынын айланасын жана Базар-Турук айылындагы жаңы уюштурулуп жаткан "Базар-Турук" бала бакчасынын айланасын тосуу үчүн 2222 беренесине жылдырылсын;
   3) Билим берүүдөгү 2215 беренеси боюнча А.Идинов атындагы орто мектебине келген долбоордун өздүк салымы үчүн бөлүнгөн 148687 сом акча каратынын ичинен 100,0 миң сом акча каражаты Жаңы-Арык айылынын А.Идинов атындагы орто мектебинин окуучусу Карыпбеков Адил Таиланд өлкөсүнө эркин күрөш боюнча жаштар арасындагы Азия чемпионатына катышууга бара жаткандыктан, жаш спортчуну колдоо максатында авиа билетин сатып алуусуна көмөк катары АУПтун 2211 беренесине жылдырылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** — **М.Акматалиева**